КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ОРТО-КАЙЫҢДЫ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРТО- КАЙЫНДЫ

XVсессия **I – чакырылыш**

25

ТОКТОМ

2026 –жылдын 28-октябры № 64 **Вознесеновка а.**

Жеке турак жай куруу үчүн жер тилкесинин жалпы аянтын бекитип берүү жөнүндө

Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э. Баязованын 2026-жылдын 26 октябрындагы “ Орто-Кайыңды айыл аймагында жайгашкан айылдарда жеке турак жай салганга жер участокторунун жалпы аянтын бекитип берүү жөнүндө “ кайрылуусун карап жана маалыматын угуп Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21- беренесинин 9-пунктуна, Кыргыз Республикасынын “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34 жана 39-беренелерине ылайык Орто-Кайыңды айылдык кеңеши **токтом кылат :**

1.Орто-Кайыңды айыл аймагында жеке турак жай куруу үчүн бериле турган жер тилкесинин жалпы аянты төмөнкү өлчөмдө бекитилсин :

-Орто-Кайырма, Эркин-Сай, Букара, Тельман жана Кум-Арык айылдарында 1500,0м2 .

-Вознесеновка айылында 800,0 м2.

2. Ушул токтом каттого алынсын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министирлигине жөнөтүлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э. Баязовага жана айылдык кеңешинин жер маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага К.Мырзагелдиев